**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиянын мүчөсү, профессор, филол. ил. докт., Б.Осмонов ат. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин профессору М. И. Мирзахидованын Апышова Базаргүл Токтосуновнанын “Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминдери” деген темада 10.02.01- кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

## КОРУТУНДУСУ

**1.** Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши. Апышова Базаргүл Токтосуновнанын “Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминдери” аттуу кандидаттык иши диссертациялык кеңештин багытына, ал эми изилдөө ишинин мазмуну, концептуалдык негизи 10.02.01. – кыргыз тили адистигине дал келет.

**2. Изилдөөнүн максаты –** Изилдөө ишинин негизги максаты катары кыргыз тилинин байыркы, орто кылымдардагы, Октябрь революциясына чейинки жана эгемендүүлүк жылдарындагы саясий терминдерин семантикалык жактан сыпаттоо.

Бул максатты жүзөгө ашырууда төмөнкүдөй **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

1) саясий терминдерди жыйноо жана системалаштыруу;

2) ар бир доорго мүнөздүү саясий терминдердин тематикалык топторун түзүү;

3) саясий терминдердин лексика-семантикалык топторунун өзөгүн, борборун жана перифериясын аныктоо;

4) саясий терминдердин генетикалык, тарыхый пласттарын тактоо;

5) саясий терминдердин лексикалык бирдиктеринин семантикасын ачуу.

Изилдөөнүн объекти катары кыргыз тилинин (байыркы, орто кылымдардагы жана эгемендүүлүк мезгилиндеги) саясий терминологиясы алынган, ал эми изилдөөнүн **предмети** катары кыргыз тилинин саясий терминологиясынын калыптануу жана өнүгүү процесси, ошондой эле анын тематикалык топторго бөлүнүшү тандалып алынган.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**

Кыргыз тилинин байыркы, орто кылымдардагы, Октябрь революциясына чейинки жана эгемендүүлүк жылдардагы саясий лексикасы жана терминологиясы атайын лингвистикалык иликтөөгө алына электиги менен шартталат. Эгемендүүлүк жылдардагы курч саясий окуялар - социализмден капитализмге өтүү, республиканын баш мыйзамынын улам-улам алмашып,

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 10-24-18
«12» 02 2025 ж.г.

жарандык мамлекет жаралып, анын түзүлүшүнүн тез-тез алмашып турушу, саясий көз караштардын кескин өзгөрүп, жаңы улуттук саясий аң-сезимдин калыптанышы, моралдык-этикалык дөөлөттөрдүн кайрадан бааланышы, глобализацияга улуттук дөөлөттөрдүн каршы коюлуп, улуттук аңызга кайтуу өңдүү кубулуштарды туюнткан саясий тезарустагы жаңы номендерди жана терминдерди изилдөөлөр жокко эсе. Диссертациянын **актуалдуулугу** байыркы, орто кылымдардагы жана совет доoруна чейинки кыргыз тилиндеги саясий терминдердин изилденбегендиги; азыркы кыргыз тилинин саясий дүйнөнү чагылдырган лексика-семантикалык топторунун өзгөчөлүктөрүн ачуунун жана сыпаттоонун зарылдыгы; кыргыз тили жана кыргыз улуттук саясий аң-сезими үчүн гана эмес, мамлекетти эффективдүү башкарууга зарыл мамлекеттик башкаруу лексикалык системасынын маанилүүлүгү; эгемендик жылдардагы саясий тил менен мамлекеттик бийлик терминологиясынын иликтенбегендиги сыяктуу объективдүү, субъективдүү жана лингвистикалык факторлор менен шартталат.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарды сындап талдоо жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу**

**1-натыйжа.** Саясий тезарусту жыйноо жана системалаштыруу илимий жактан негизделген, кыргыз тилинин саясий терминологиясы өз өнүгүүсүндө жалпы элдик тилдин алкагында табыгый жол аркылуу өзүнчө катмар катары калыптанганы илимий адабияттарга талдоо жүргүзүү жолу менен ачыкталган (1.1, 1.1.1). Коомдук-саясий лексиканын жана терминдердин орус, түрк жана кыргыз тил илимдеринде изилдениш абалына жана илимий адабияттарга сындап талдоо жүргүзүү толук эмес (1.2.1, 1.2.2, 1.2. 3.);

**2-натыйжа.** Ар бир доорго мүнөздүү саясий терминдерди изилдеп чыгып, алардын тематикалык топторун түзгөндүгү ишенимдүү (3.1, 3.1.1)

**3-натыйжа.** Саясий терминдердин лексика-семантикалык топторунун өзөгүн, борборун жана перифериясын аныктаганы жана топторго бөлүп изилдегени негиздүү жана ишенимдүү (3.3, 3.3.1)

**4-натыйжа.** Саясий терминдердин генетикалык, тарыхый пласттары жарым-жартылай талдоого алынган (2.1.).

**5-натыйжа.** Саясий терминдердин лексикалык бирдиктеринин семантикасы илимий негизде талдоого алынган (3.2, 3.2.1., 3.3.).

Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтардын негизинде диссертант тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөөнү актуалдуу деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалары.**

Диссертацияда кыргыз тилинин саясий терминдери өз өнүгүүсүндө жалпы элдик тилдин алкагында табигый жол аркылуу өзүнчө катмар катары калыптандыгы, коомдогу саясий-экономикалык факторлор саясий терминдердин жалпы курамын, анын компоненттерин шартташы, ар бир доордун өзүнүн саясий терминдеринин тематикалык топтору бар экендиги, кыргыз тилинин саясий терминдери ички (метафора, метонимия, синекдоха)

жана сырткы (монгол, орус, арап, фарсы, англис, немис, француз ж.б.) булактардын негизинде өнүгүшү аныкталган.

**3.1. Иштин илимий жаңылыгы.** Биринчи жолу кыргыз тилинин байыркы, орто кылымдардагы, Октябрь революциясына чейинки жана эгемендүүлүк жылдарындагы саясий терминдеринин диахрондук жана синхрондук аспектте семантикалык жактан изилдениши жана тилдин аталган тез өзгөрүлмө катмарынын ар кыл доорлордогу өтмө катарлыгын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачуу, ошондой эле, анын тематикалык топторун далилдөө иштин илимий жаңылыгын түзөт.

Кыргыз тилиндеги мамлекеттик бийлик терминологиясына, саясый лексикасына жана номендерине лексикалык-семантикалык талдоонун жүргүзүлүшүн иштин илимий жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

**3.2. Диссертацияда берилген илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө.**

**1-натыйжа ишенимдүү, анткени** байыркы, орто кылымдардагы жана совет дооруна чейинки кыргыз тилиндеги саясий терминдердин кыргыз тил илиминде изилденбегендиги жана бул изилдөө ишинде кыргыз тилинин саясий терминологиясы өз өнүгүүсүндө жалпы элдик тилдин алкагында табыгый жол аркылуу өзүнчө катмар катары калыптанганына талдоо жүргүзүүнүн баштапкы аракети диссертанттын өз алдынча көз карашы менен анализдөөнүн негизинде чыгарылган.

**2-натыйжа** негиздүү, себеби диссертант ар бир доорго мүнөздүү болгон саясий терминдерди изилдеп чыгып, алардын тематикалык топторун түзгөн. Мамлекеттик башкаруу терминологиясын кыргыз мамлекеттүүлүгүн этаптарына жараша иликтеген, кыргыз тилинин саясий терминологиясы жана лексикасын VI-X кылымдардагы алгачкы феодалдык каганаттарда калыптана баштагандыгы, кыргыз каганатында (V-XIII к.), Каракандар каганатында, Кыргызстан Монгол мамлекеттеринин (XII - XX к. биринчи жарымы) курамында турганда, Кокон хандыгы (1709-1876) маалындагы саясий терминология, Кыргызстандын Орус империясынын курамына киргендеги (1863) саясий терминологиянын калыптанганы талдоонун негизинде чагылдырылган.

**3-натыйжа.** Ынанымдуу жана негиздүү, себеби саясий терминдердин лексика-семантикалык топторунун өзөгү, борбору жана перифериясы аныкталган. Коомдук-саясий шарт өзгөргөндө, саясий терминдердин лексика-семантикалык топторундагы кескин транформация, ага жараша өзөк, борбор жана жака-белдерде өзгөрүүлөр такталган.

**4-натыйжа** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү: саясий терминдердин лексикалык бирдиктеринин семантикасы илимий негизде талдоого алынган, анткени жогорку саясий бийлик субъекттерин жана объекттерин вербалдаштырган терминдерге тарыхый-этимологиялык жана семантикалык жактан жүргүзүлгөн анализдерде алардын теги, тектеш тилдерге белгилүү даражада орток экендиги, эпидигматикалык жана

парадигматикалык касиеттери, семантикалык градациясы, синонимдик катары сыяктуу белгилери далилденген.

**3.3. Иштин теориялык мааниси.** Саясий терминологиянын айрым өзөктүү маселелеринин, т.а. термин, терминология, номенклатура, терминосистеманын лингвистикалык тараптан талданышы; кыргыз тилиндеги саясат таануу терминологиясынын байыркы, орто кылымдардагы жана совет дооруна чейинки өнүгүү баскычтары, жогорку саясий бийлик субъекттеринин жана объекттеринин аталыштары жана алардын семантикасы, кыргыз тилиндеги мамлекеттик бийлик терминологиясы, лексикасы жана номендери ошондой эле, кыргыз тилиндеги саясий терминдеринин жасалуу жолдору сыяктуу маселелердин кыргыз тилинин факт-материалдарынын негизинде изилдениши кыргыз тил илимине чоң салым кошот. Кыргыз саясий терминологиясын изилдөөдөн чыгарылган жоболор, жыйынтыктар кыргыз тилинин саясий лексикасын иликтөөгө белгилүү даражада өбөлгө түзөт.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши.**

1. ***Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү***

1.1.Илимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ маселелеринин жаңы чечилиши.

1.2.Илим чөйрөсүнө жана темасына жараша өлкөнүн экономикасы үчүн олуттуу мааниге ээ илимий жактан негизделген техникалык, социалдык экономикалык же технологиялык иштеп чыгууларды баяндап берүү.

2. ***Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңычылык деңгээли***

2.1.Жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.

2.2.Айрым жыйынтыктары жаңы эмес.

3. ***Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу***

3.1.Өтө жогору

3.2 Жогору

3.3 Канааттандырарлык

4. ***Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы***

4.1. Тема мамлекеттик программага же эл аралык изилдөөлөрдүн программасына кирет.

4.2. Тема тармактык программага, илимдер академиясынын же уюмдун тематикалык планына кирет.

4.3. Демилгелүү иш.

5. ***Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли***

5.1.Мамлекеттер аралык деңгээлде (лицензиялар сатылган).

5.2.Тармактар аралык деңгээлде.

5.3.Тармактын масштабында.

5.4.Уюмдун (ишкананын) алкагында.

6. ***Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар:***

6.1.Кеңири пайдаланууну талап кылат.

6.2.Кеңири пайдаланууну талап кылбайт.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык мааниүүлүгү.**

Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды терминология, саясат таануу, саясий лексика өңдүү дисциплиналар боюнча лекциялык курстарды жана семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болот. Диссертациянын тыянактарынан саясый терминдер боюнча сөздүк түзүүдө баалуу материал катары пайдаланууга болот. Изилдөө ишинен алынган жыйынтыктардан аталган багыттар боюнча окуу куралдарын, жумушчу программаларды, лекциялык курстардын тексттерин даярдоодо теориялык материал иретинде колдонууга болот.

**5. Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жана корутундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы.**

1. **Апышова Б. Т.** Публицистикада коомдук-саясий лексиканын колдонулушу [Текст]/ Б.Т. Апышова// Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2015. - №6. -172-174-бб. https://www.elibrary.ru/query_results.asp/
2. **Апышова Б. Т.** Саясий терминдердин синтаксистик калька аркылуу которулушу [Текст]/ Б.Т. Апышова// Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. - Ош, 2015. №4 – 3-чыгарылыш. -72-75-бб.
3. **Апышова Б. Т.** Кыскартылган саясий терминдердин колдонушу [Текст]/ Б.Т. Апышова// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2016. – №11. –187-188-бб.
4. **Апышова Б. Т.** Лингвистикада терминдердин изилдениши [Текст]/ Б.Т. Апышева// Ош МУнун Жарчысы. - Ош, 2021. htt://www.oshsu.kg
5. **Апышова Б. Т.** Саясий терминдердин ички жана сырткы булактын негизинде пайда болушу [Текст]/ Б.Т. Апышова// Известия КГТУ им. И.Раззакова. - Бишкек, 2022. №3 (63). – 257-262-бб. https://kstu.kg/fileadmin/user_upload/izvestija_kgtu
6. **Апышова Б. Т.** Кыргыз Республикасынын Конституциясында колдонулган айрым саясий терминдер (Конституциянын жана мыйзамдын негизинде) [Текст]/ Б.Т. Апышова// Вестник КРСУ. - Бишкек, 2023. -№10, том 23. – 64-68-бб.
7. **Апышова Б. Т.** Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында саясий терминдердин колдонулушу («Тоолор кулаганда» романынын мисалында) [Текст]/ Б.Т. Апышова// Өзбекстан Республикасы, Андижан (Анд. мамл. пед. инс), 2023. -123-131-бб.
8. **Апышова, Б. Т.** Некоторые политические термины в турецском и кыргызском языках в древних и средних веках [Текст]/ Б.Т. Апышова// Российская Федерация. Республика Ингушетия. 2023. №6. 6-9-стр. Lingua-universum https://www.elibrary.ru/contents.asptitleid=53601
9. **Апышова Б. Т.** Публицистикада кыскартылган саясий терминдердин колдонулушу [Текст]/ Б.Т. Апышова// Вестник КРСУ. 2024. №24, Т.6. – 64-67-бб.
10. **Апышова Б. Т.** Мамлекеттик бийлик бутактарында кездешкен терминдер жана номендер [Текст]/ Б.Т. Апышова// Endless Light in Science. – Нур-Султан, 2024. – № 51. – 139-144-бб.

6. **Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине, жүргүзүлгөн изилдөөлөргө, алынган жыйынтыктарга дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмеси бар.

7. **Диссертациянын мазмунунда кездешкен айрым кемчиликтер.**

1. Диссертациянын мазмунун редакциялоо зарыл:

а). I бап “Илимий адабияттарга тарыхый-теориялык илик” дегенди “Илимий адабияттарга теориялык илик” деп өзгөртүү керек. Себеби, диссертацияда тема боюнча илимий адабияттарга диахрондук планда да, синхрондук планда да изилдөө жүргүзүлгөн. Биринчи жолу кыргыз тилинин байыркы, орто кылымдардагы, Октябрь революциясына чейинки жана эгемендүүлүк жылдарындагы саясий терминдеринин диахрондук жана синхрондук аспектте семантикалык жактан изилдениши диссертацияда толук берилген (дисс. 3-б.);

б). “Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминологиясы” аттуу III баптагы 3.1 бөлүмүн гана калтырып 3.1.1. алып коюу керек; 3. 2. Жогорку саясий бийлик субъекттеринин жана объекттеринин аталыштары жана алардын семантикалары ( семантикасы деп оңдоп) дегенди калтырып 3.2.1. бөлүмчөнү алуу керек. 3.3. Кыргыз тилиндеги мамлекеттик бийлик терминологиясы, лексикасы жана номендери (Конституциянын жана мыйзамдын негизинде) - 3.3.1. бөлүмчөнүн мазмуну 3.3тө жазылган, аны атайын дагы бир ирет бөлүп көрсөтүүгө кажет жок.

2. Коомдук-саясий терминдеринин түркологияда изилдениши бөлүмүндө изденүүчү түркологияда коомдук-саясий терминдеринин изилдениши жөнүндө илимпоздордун алып барган изилдөөлөрү боюнча маалыматтарды берүү менен чектелген, өзүнүн жеке тыянактары жок. Дурус эле илимпоздордун иштерин караган, бирок, “*иликтейт, каралат, белгилейт*” сыяктуу сөздөр менен чектелип калган. (дисс. 1.2.2. б.)

3. “Саясий терминдердин аббревиация жолу аркылуу жасалышы” аттуу 3. 4.2.1. бөлүмчөдө аббревиатура жөнүндө кеңири маалыматтын берилишине кажет жок. 1.5 бет кыскартма сөздөрдүн теориясына берилип калган.

4. Кээ бир терминдердин туура эмес чечмелениши кездешет (... Таандык байланыш жолу аркылуу жаралган татаал саясий терминдер сөздөр: *коридорлору, дисс.136-б.* ж.б. ); 3-баптын жыйынтыгында бир топ мүчүлүштүктөр бар: (2-п., аскердик маселелер маселелерди чечип... (145-б.)),

5. Диссертацияда стилдик, орфографиялык, пунктуациялык каталар кездешет: шадыша (84), Пифогор (96), Өгөргөндө, бакалат (149,) тийииштүү, прокурардук, мыйзамдуулк, терминиология (150) ж.б.

6. Пайдаланылган адабияттарды иреттөө зарыл: бир адабият, мисалы, Азыркы кыргыз адабий тили. Фонетика, лексикология, лексикография, фразеология, морфология, синтаксис, стилистика, текстаануу, лингпоэтика [Текст]. – Бишкек. - 2009. – 928 б. -2 жолу (5-6), Махмуд Кошгарий. Туркий сузлар девони (Девону луготит турк) [Текст] / пер. С. Муталлибова. Т. I–III.

Ташкент: Фан, 1960–1963. 2 жолу (135-136) жазылган ж.б.

**8. Б.Т.Апышованын диссертациялык иши үчүн сунушталган жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттер.**

**Жетектөөчү мекеме**: Апышова Базаргүл Токтосуновнанын “Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминдери” деген темада 10.02.01 - кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме катары К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасы сунушталат (722200, Каракол шаары, Ж. Абдрахманов көчөсү, 103).

**Расмий оппоненттер**:

**Акынбекова Айман Усенбаевна** – филология илимдеринин доктору, доцент

**Эмгектери:**

1.Молдо Нияздын чыгармаларындагы тилдик өзгөчөлүктөр. Бишкек 2011.

2.Кыргыз тили (ЖРТга даярдоо үчүн окуу куралы). -Бишкек 2013.

3.Тесттер жыйнагы (ЖРТга даярдоо үчүн окуу куралы). -Бишкек 2017.

4.Чагатай-кыргыз-осмон тилдеринин кыскача сөздүгү (түзүүчү). - Бишкек 2019.

5.Чагатай тилиндеги кыргыз тили менен биримдикти түзгөн сөздөр // Материалы конференции – Духовный мир народов Башкортостана и России. - УФА, 19 декабря 2019 года. -С. 21-24. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=41881298

6. Морфологические диалектизмы в произведении Молдо Нияза «Санат дигарасттар» [// Бюллетень науки и практики. – 2020. Т. 6. -№2. -С. 334-340. https://www.elibrary.ru/item.asp?id =42441023

7. Общности суффиксов, образующих от глаголов именные части речи в кыргызском и чагатайском языках // Бюллетень науки и практики. -2020. Т. 6. -№2. -С. 341-346.

**Хурибаева Элмира Гайдаровна** – филология илимдеринин кандидаты, доц.м.а., К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин эл аралык мамилелер жана жалпы теориялык сабактар кафедрасынын башчысы

**Эмгектери**:

1.Х. Карасаевдин «Камус наама» («Манас» эпосу боюнча) сөздүгүндөгү дан өсүмдүктөрүнө байланыштуу терминдерге этимологиялык сереп. Ошский технологический университет им. акад. М.М. Адышева ISSN: 1694-660X.

2.Х. Карасаевдин «Камус наама» («Манас» эпосу боюнча) сөздүгүндөгү багбанчылыкка байланыштуу атоолорго этимологиялык иликтөө. Известия вузов Кыргызстана Республиканский научно-теоретический журнал №1, 2022 - Бишкек, 2022. 238-240-б.

3.«Названия злаков и продуктов питания из них в тюркских языках» // Актуальные проблемы диалектологии языков народов России, ИИЯЛ Уфинмский федеральный исследовательский центр РАН, -УФА, 2022. 351-353-б.

4.Названия орудий земледелия в лексике кыргызского языка. Актуальные проблемы диалектологии языков народов России, ИИЯЛ Уфинмский федеральный исследовательский центр РАН, -УФА, 2022. 348-351-б.

5.The Evolution of Agricultural Vocabulary: From Traditional Terms to Modern Terms (Lexical Changes in Agricultural Practice with the Development of Technology). VIII. International Applied Social Sciences Congress - (C-IASOS – 2024) Peja –Kosovo, 2024.

**9. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келиши.**

Жыйынтыктап айтканда, Б.Т.Апышованын “Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминдери” аттуу диссертациялык иши 10.02.01. – кыргыз тили илими адистигине туура келет. Диссертациялык иштин темасы актуалдуу, алынган жыйынтыктары далилдүү, теориялык жана практикалык мааниге ээ болгон маселелерди камтыган жана кыргыз тил илими үчүн зарыл болгон илимий эмгек болуп саналат. Диссертациялык иш КРдин Президентине караштуу УАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп берет. Диссертант жогоруда белгиленген сунуш-пикирлерди ылайыгына жараша карап чыгуу шарты менен 10.02.01. – кыргыз тили адистиги боюнча Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңешине коргоого кабыл алууга сунуштайм.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү, профессор,**
**филология илимдеринин доктору,**
**Б.Осмонов ат. Жалал-Абад мамлекеттик**
**университетинин “Кыргыз тили жана адабияты”**
**кафедрасынын профессору** **М.И.Мирзахидова**

**9. 02.2025-ж.**

**Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм:**
**Окумуштуу катчы,**
**филология илимдеринин доктору, доцент** **С. К. Каратаева**

*Окумуштуу катчынын колун тастыктайм:*
*КБнын башчысы* *А. Жайнакова*

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети
КАДРЛАР БӨЛҮМУ
ОТДЕЛ КАДРОВ